"Альфа Телеком" ЖАК, Бишкек ш., Сүйүмбаев көч. 123, тел.: 996 312 905220, 996555500000 e-mail: pr@megacom.kg, Эсеп-кысап/э 1091820182530113
Банк "Оптима Банк"ААКтын Бишкек шаардык борбордук филиалы Бишкек ш. БИК 109018 ОКПО 26611735 ИСН 00406200910056 РСИ 999 ККК боюнча ИСТКБ
Башкы директор Э.Т. Субакожоев КР МБАнын лицензиялары: №14-1133-КР, №18-0326-КР, №18-0303-КР, №15-1446-КР, №16-0090-КР, №18-0261-КР

# Байланыш кызматтарын көрсөтүү келишими

20__-жылдын " __ " ______________ Калктуу аймак ________________ Жеке эсептин №______________________________

**«Альфа Телеком» ЖАК**, мындан ары **«Оператор» деп аталуучу**, 20__ -жылдын "__"________ №_______ ишеним катынын негизинде иш алып барган ыйгарым укуктуу өкүлү_________________________________________ аркылуу бир тараптан жана

**Фамилиясы Ысымы Атасынын аты**

**Тарифтик план**

| **Аб. номери (MSISDN)** | **SIM-картанын /eSIM ICC** |
|---|---|
| 9 9 6 | 8 9 9 9 6 0 5 9 5 |
| 9 9 6 | 8 9 9 9 6 0 5 9 5 |
| 9 9 6 | 8 9 9 9 6 0 5 9 5 |
| 9 9 6 | 8 9 9 9 6 0 5 9 5 |
| 9 9 6 | 8 9 9 9 6 0 5 9 5 |

**Өздүгүн тастыктаган документ** | **Серия, №** | **Берилген күнү** | **Ким тарабынан берилген**

**Туулган күнү, айы, жылы** | **Жашырын сөз (символдордун саны 10дон ашпоосу керек)** | **Эсептешүү формасы**

**Алдын ала төлөм**

мындан ары «Абонент» деп аталуучу, экинчи тараптан, ушул Байланыш кызматын көрсөтүү келишимин түзүштү. Ушул Келишим тараптар тарабынан ага кол коюлгандан тарта күчүнө кирет жана аныкталбаган мөөнөткө түзүлдү, эгерде Абонент аракет мөөнөтүн белгилөөнү кааласа, Оператордун каалаган Сатуу жана тейлөө борборуна кайрылуусу зарыл. Келишим эки түпнускада түзүлдү жана ар бир тарап үчүн бирден нускада берилет. Ушул Келишимге кол коюу менен, Абонент Келишимдин (мындан ары – Келишим) нускасын жана анын ажырагыс бөлүгү болуп эсептелген №1 тиркемени – Байланыш кызматтарын көрсөтүүнүн шарттарын алгандыгын, шарттарды окуп чыккандыгын жана аларды Оператор менен Абоненттин ортосундагы укуктук мамилелерди жөнгө салуу үчүн милдеттүү шарттар катары эсептөөгө макул экендигин тастыктайт. Абонентке ыңгайлуу болуусу үчүн, Келишим жана анын №1 тиркемеси www.mega24.kg сайтында жайгаштырылган.

Башка байланыш операторлору тарабынан көрсөтүлө турган байланыш кызматтарына жетки берүүгө, мындай кызматтарды көрсөтүү үчүн менин жеке маалыматтарымды берүүгө – макулмун, эгер башкасы көрсөтүлбөсө, ☐ макул эмесмин.

Келишимде көрсөтүлгөн тартипте жеке маалыматтарды иштетүүгө, сактоого жана берүүгө, анын ичинде маалыматтык-сурап билүү кызматы үчүн колдонууга – макулмун, эгер башкасы көрсөтүлбөсө, ☐ макул эмесмин.

Жеке маалыматтарды берүү туурасындагы билдирүүнүн формасын аныктоо укугун Операторго калтырам. Абонент, ушул Келишимге кол коюп жатып, Келишимдин электрондук версиясы Келишимдин кагаз жүзүндөгү түп нускасы менен бирдей экендигине макулдугун билдирет.

Ушул Келишимге кол коюу менен, Абонент төмөндөгүлөрдү: 1) Оператордон SIM-картаны/eSIMди, байланыш кызматтарын колдонуу боюнча зарыл болгон нускамаларды жана коддорду алгандыгын, жана да Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан бекитилген Көчмө радиотелефон байланыш кызматтарын көрсөтүү эрежелери, Абонент тарабынан тандалып алынган тарифтик пландын жана кошумча кызматтардын тарифтери жана шарттары, Оператордун тейлөө аймагы менен таанышып чыккандыгын; 2) Оператор же анын агенти (Оператордун тапшырмасы боюнча иш-аракет жүргүзгөн), топтолуучу маалыматтардын тизмеги, аларды топтоонун максаты, маалымат топтоонун жана Оператордун маалыматтарды ушул Келишимдин шарттарын аткаруу максатында колдонуусунун негиздемеси, эсептешүү, Абонент тарабынан колдонулуучу кызматтарды оптимизациялоо, кызматтарды таргеттоо жүргүзүү жана башка учурларда, жана да КРдин мыйзамдарында белгиленген учурларда жеке маалыматтарды ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдарга берүү мүмкүнчүлүгүн; 3) байланыш кызматтарынын тизмеги, алардын сапаты Оператордун жоопкерчилик аймагынан тышкары болгон терминалдык жабдуунун шаар аралык/ эл аралык байланыштын, катталган телефон линияларынын жабдууларынын техникалык мүмкүнчүлүктөрүнө жараша боло тургандыгы тууралуу маалымат алгандыгын жана аны менен макул экендигин тастыктайт.

**Абонент:** ______________________ **Оператор:** __________________________

---

**Байланыш кызматтарын көрсөтүү келишимине №1 тиркеме**

**1.1. Терминдер жана аныктамалар**: Тарифтик план – Оператор бир же бир нече уюлдук байланыш кызматын пайдаланууну сунуш кылган баа шарттарынын жыйындысы. Топтом – бул байланыш операторунун белгилүү бир убакыттын ичинде белгиленген көлөмдө, өзүнчө Абоненттик акы үчүн жана белгилүү бир шарттарда көрсөтүүчү байланыш кызматтарынын жыйындысы; Тарифтик опциялар– Абоненттин тарифтик планына карата милдеттүү болбогон, тарифтин белгиленген чоңдугун белгилеген, кошулуунун өзүнчө наркына жана Абоненттик акыга ээ болгон, көлөмдү чектөөсүз же белгиленген кызмат көрсөтүүлөрдүн алкагында пайдаланылган кызмат көрсөтүүлөр; Абонент– Оператор аны менен келишим түзгөн юридикалык же жеке жак;
Эсептөөлөрдүн автоматташтырылган системасы – Абонентке көрсөтүлгөн кызматтардын көлөмүн жана аларды тарифтөөнү, ошондой эле байланыш кызматтары үчүн жүргүзүлгөн төлөмдөрдү эсепке алуу операцияларын автоматтык түрдө аткарууга арналган биллинг тутумун өз ичине камтыган программалык-аппараттык комплекс; Абоненттин жашырын сөзү –Кардарларды колдоо кызматына кайрылууда Абонентти идентификациялоо үчүн Келишим түзүү учурунда Абонент көрсөтүүчү символдордун (тамга, сандардын) ирети; Байланыш кызматтары – Операторго берилген лицензиялардын талаптарына шайкеш маалымат өткөрүү түйүнүндө Абонентке көрсөтүлүүчү көчмө радиотелефон байланыш кызматтары, телематикалык кызматтар жана башка кызматтар; Кошумча кызматтар – байланыш кызматтары менен технологиялык жактан ажырагыс байланышта болгон жана алардын керектөө баалуулугун жогорулатууга багытталган акы төлөнүүчү кошумча кызматтар жана башка кызматтар. Оператор же тиешелүү кызматтарды көрсөтүүгө укугу бар үчүнчү жактар тарабынан көрсөтүлөт жана Абонент тарабынан алардын баа шарттарында жана Келишимде каралган тартипте төлөнөт; Жеке маалыматтар – Абонент тууралуу төмөндөгүлөрдү камтыган маалымат: фамилиясы; аты-жөнү; туулган датасы, жашаган жеринин жана электрондук почтасынын даректери, жарандыкты тастыктаган документ тууралуу маалыматтар; байланыш кызматтары үчүн оператор менен жүргүзүлгөн эсептешүүлөр жөнүндө маалыматтар.

1.2. Оператор тарабынан көрсөтүлүүчү байланыш кызматтарын көрсөтүүнүн шарттары, наркы жана тизмеги Оператор тарабынан тарифтик планда, топтомдо, Кошумча кызматтардын жана тарифтик опциялардын жана Оператордун аракеттеги сунуштарына ылайык Абонент колдонуп жаткан/колдонууга макулдук берген башка кызматтардын шарттарына ылайык аныкталат. Оператор тарабынан Абонентке көрсөтүлүүчү кошумча кызматтардын тизмеги үчүнчү жактар менен түзүлгөн келишимдик макулдашуулар, түйүндүн техникалык мүмкүнчүлүктөрү жана лицензиялардын негизинде аныкталат. Байланыш кызматтары жана акы төлөнүүчү кошумча кызматтар Абонентке Келишимдин негизинде жана анын шарттарына ылайык көрсөтүлөт. Абонентке көрсөтүлүп жаткан кызматтардын тизмеги Оператордун http://www.mega24.kg сайтында жайгаштырылган (Келишимде каралган) шарттарда жана тартипте Оператордун аракеттеги сунуштарына ылайык Абонент тарабынан кошумча тапшырык кылынган башка кызматтарды эске алуу менен Абонент тарабынан тандалган тарифтик план менен аныкталат. Ар бир кызматка тиешелүү шарттар жана тартиптер жөнүндө Оператордун http://www.mega24.kg сайтында жайгаштырылган маалыматтарга ылайык, жана да белгиленген үлгүнүн бланкында жазуу жүзүндө Оператордун дарегине тиешелүү өтүнүч жолу менен кайрылып Абонент кызматтардын белгилүү бир түрүнөн баш тарта алат.

1.3. Байланыш борборуна кайрылууда Оператор тарабынан белгиленген шарттарга ылайык, Оператор тарабынан каралган учурларда жана шарттарда колдонулуучу жашырын сөз жана/же инсандыгын тастыктоочу документтин маалыматтары, жана/же ЖИН (ИСН), жана/же SIM- картанын/eSIMдин номери (ICC), PIN-2, Абоненттик номер Абоненттин идентификатору болуп саналат. Келишимдин алкагында ар бир Абоненттик номерге өзүнчө жеке эсеп берилет.

1.4. Ушуну менен Абонент Оператор тарабынан өз алдынча аныктала турган Оператордун акысыз кошумча кызматтарынын тизмегин алууга макулдук берет (Оператор менен түзүлгөн келишимдик макулдашуулардын негизинде үчүнчү жактар тарабынан түйүндө жайылтылуучу жарнамалык маалыматты кошуу менен, бирок чектебестен). Абонент аталган кызматтардан Операторго белгиленген форма боюнча жазуу жүзүндө арыз берүү КР мыйзамдарында мамлекеттик органдардын билдирүүлөрүнөн тышкары (чукул кырдаалдар, шашылыш жагдайлар ж.б.), Келишимде каралган шарттарда жана тартипте өз каалоосу менен жарнамалык билдирүүлөрдү алууну өз алдынча өчүрүү жолу менен баш тарта алат. Оператор жана анын кызматтары жана өнүмдөрү жөнүндө маалымат жарнамага кирбейт, Абонент Оператор тарабынан белгиленген тартипте жана формада мындай маалыматты алуудан баш тартууга укуктуу. Абоненттин тарифтик планда, топтомдо каралган жана /же белгиленген номерди терүү же Оператор тарабынан белгиленген башка жол аркылуу кошулган кызматтарды пайдалануусу, Абоненттин тарифтерди, топтомдорду, опцияларды жана кызматтарды көрсөтүүнүн шарттарына, аларды колдонууга жана аталган кызматтар үчүн төлөм жүргүзүүгө макул экендигин билдирет.

**2.1. Абонент милдеттүү:**

2.1.1. Бөлүнүп берилген Абоненттик номерди Келишим боюнча байланыш кызматтарынан пайдалануу үчүн колдонууга жана КР мыйзамдарынын талаптарын бузуу менен колдонбоого; Байланышта мүмкүн болуучу тоскоолдуктар (метеорологиялык шарттар, туннель, байланыш каналдарын жүктөө, жергиликтүү аймактын рельефинин өзгөчөлүктөрү, Оператордун компетенциясына кирбеген жагдайлар) келип чыккан учурдагы чектөөлөргө ылайык, жана да нускама эрежелери жана колдонуудагы өзгөчө шарттар эске алынган, тастыктоодон өткөрүлгөн терминалдык жабдууну гана колдонууга. SIM-картаны/eSIMди укуксуз же кылмыштуу жол менен пайдалануунун алдын-алуу боюнча бардык чараларды көрүүгө жана SIM-картадагы/eSIMдеги идентификациялык техникалык маалыматтарды көчүрүп алуу аракеттерин көрбөөгө жана колдонууда жок төлөм карталарын активдештирбөөгө;

2.1.2. Оператор менен болгон техникалык жана башка өз ара катнаштар үчүн пайдаланылуучу жашырын сөз, жеке эсептин (-тердин) номери жана башка маалымдаректерди үчүнчү жактарга бербөөгө, терминалдык жабдууга тиешелүү программалык камсыздоону жана вируска каршы программаларды орнотуу менен өз мобилдик жабдуусун вирустардан жана программалык камсыздоону жана операциялык системаны иштен чыгаруучу программалардан (мындан ары-вирус) коргоо чараларын көрүүгө. Оператордун расмий сайтында жайгаштырылган Оператордун кызматтары менен колдонуу эрежелерин сактоо жана ушул документке киргизилүүчү бардык өзгөртүүлөрдү жана/же кошумчалоолорду кабыл алууга;

2.1.3. . Абоненттик номерди, SIM -картаны (анын ичинде eSIMди) же SIM-картаны талап кылбаган Абоненттик терминалды башка адамга берүүдө, бул аныкталгандан кийин Абоненттин Сатуу жана тейлөө борборуна келүүсү же Оператор тарабынан белгиленген башка ыкма менен 10 (он) календардык күндүн ичинде Абонент абоненттик номерди үчүнчү жакка кайра каттатууга милдеттүү. Абонент Келишим түзүү учурунда Операторгоберген маалыматтар өзгөргөн учурда, Абонент өзгөрүүлөр күчүнө киргенден кийин 10(он) календардык күндүн ичинде Операторго жазуу жүзүндө билдирүүгө милдеттенет.

2.1.4. Келишимдин шарттарын талапка ылайык аткарбагандыгы үчүн, Абоненттин терминалдык жабдуусунан жана SIM-картасынан/eSIMден, ошондой эле Интернет кызматтары аркылуу аралыктагы жеткинин жардамы менен жөнөтүлгөн Оператордун жана үчүнчү жактардын даректерине келген бардык кайрылуулар үчүн, мындан тышкары Абоненттин мобилдик жабдуусунан вирустун таасири менен аткарылган үн чалуулары жана жөнөтүлгөн билдирүүлөр үчүн жооптуу.

2.1.5. Оператордун жазуу жүзүндөгү макулдугусуз байланыш кызматтарын түрдүү утуш оюндарын, добуш берүү, конкурстарды, викториналарды, жарнамаларды, сурамжылоолорду өткөрүү үгүттөө мүнөзүндөгү билдирүүлөрдү жөнөтүү байланыш тармагына жана интернет-телефонияга жетки алуу үчүн шлюздарды, программалык камсыздоолорду орнотуу сыяктуу, жана да чалуулардын багытын же телефондук туташуулардын эрежесин өзгөртүүгө багытталган жана байланыш түзмөктөрүнө жана жабдууларына зыян келтире турган, Келишимде каралбаган иш-аракеттерди ишке ашыруу үчүн колдонбоого. Эгерде Оператор Абонент тарабынан бул талаптарды бузуу фактыларын аныктаса, бузуулар четтетилгенге чейин, тыюу салынган аракетте аткарылган номерди токтоосуз бөгөттөөгө укуктуу.

**2.2. Абонент укуктуу:**

2.2.1. Келишим түзүүдө, жана да Келишимди аткарууда Оператордун расмий сайтында Оператордун каалаган Сатуу жана тейлөө борборунда же Mega24 мобилдик тиркемесинде тарифтик пландардын, топтомдордун жана кызматтардын тизмеги менен таанышууга.

2.2.2. Кошулган байланыш кызматтарынын тизмесин жана көлөмүн (анын ичинде тарифтик пландын, топтомдун, тарифтик опциялардын, кошумча кызматтардын) Оператор белгилеген тартипте өзгөртүүгө же Абоненттин терминалдык жабдуусунда тиешелүү буйрууларды терүү менен кошумча кызматтарды/тарифтик пландын/топтомдун өзгөртүүлөрүн активдештирүүгө;

2.2.3. КР мыйзамдарында көрсөтүлгөн учурларда жана мөөнөттөрдө Операторго доо талаптарын коюуга.

Байланыштын сапатына байланыштуу келип чыккан доо талаптар Абонент тарабынан ошол замат билдирилүүсү керек. Доо талаптар тиешелүү доо талап келип түшкөндөн кийин 30 календардык күнгө чейинки мөөнөттүн ичинде каралат.

2.2.4. Келишимдин алкагында бир же бир нече абоненттик номерди колдонууга.

2.2.5. Сатуу жана тейлөө борборуна баруу менен, же болбосо Оператор тарабынан белгиленген башка жол менен кошумча абоненттик номерлерди алууга, абоненттик номерин башка бош номерге алмаштырууга.

2.2.6. Акы төлөнүүчү категориядагы абоненттик номерди Оператор тарабынан белгиленген тартипте жана шарттарда сатып алууга.

**2.3. Абоненттин макулдугу:**

2.3.1. Абонент, Келишим түзүү менен, аң сезимдүү түрдө, өз эрки менен төмөндөгүлөргө макулдук берет: а) Оператордун байланыш, маалыматтык жана башка кошумча кызматтарды көрсөтүүсү, көрсөтүлгөн кызматтар үчүн эсептешүүлөрдү жүргүзүүсү, Абоненттин мүдөөлөрүн / кызыкчылыктарын прогноздоосу жана аныктоосу, Абонентке жеке сунуштарды, арзандатууларды, акцияларды, маалыматтык билдирүүлөрдү берүүсү, Оператордун жана үчүнчү жактардын маркетингдик кызматтарын көрсөтүүсү жана бул максаттарга жетүү үчүн Оператор тарабынан белгиленген жолдор менен жеке маалыматтарга байланыштуу каалаган иш-аракеттерди аткаруусу үчүн, Келишимдин аракет мөөнөтүнүн ичинде Операторго белгилүү болгон жана жеткиликтүү болгон жеке маалыматтарын Оператордун топтоосуна, иштеп чыгуусуна, систематизациялоосуна, сактоосуна, жаңылоосуна, өзгөртүүсүнө жана колдонуусуна; б) Оператордун/үчүнчү жактардын Келишимди оперативдүү аткаруусу жана жеке маалыматтардыээсиздендирүү , бөгөттөө, жок кылуу, үчүнчү жактар тарабынан көрсөтүлүүчү байланыш кызматтарына (анын ичинде контент кызматтары, роуминг кызматтары) жетки берүүгө MegaPay функционалын/кызматын көрсөтүүсү үчүн, КРдин мыйзамдарына каршы келбеген учурда карызды жоюу маселелерин чечүүгө байланыштуу, карызкор Абоненттин милдеттерин аткаруусу, Абоненттин MegaPay сервисин колдонуусу жөнүндө маалыматты чогултуу, иштеп чыгуу, сактоо жана берүү үчүн үчүнчү жактарга/ үчүнчү жактар тарабынан электрондук байланыш каналдары аркылуу (интернет) автоматташтырылган каражаттарды колдонуу менен/колдонбостон, Абонент тууралуу маалымат берүүгө (анын ичинде трансчегарлык); в) жеке маалыматтарды берүүгө (анын ичинде КР мыйзамдарына ылайык, үчүнчү жактарга).

Абонент ушул бөлүмдө каралган каалаган макулдуктун аракет мөөнөтү Келишим түзүлгөн датадан баштала тургандыгы жана аяктагандан кийин 3 жыл ичинде аракетте боло тургандыгы менен тааныш. Абонент Оператордун каалаган Сатуу жана тейлөө борборуна жазуу жүзүндөгү арыз менен кайрылып, каалаган макулдугун кайтарып алууга укуктуу.

**3.1. Оператор милдеттүү:**

3.1.1. Абонентке Келишим түзүүдө жана аткарууда зарыл болгон байланыш кызматтарын көрсөтүү эрежелери, Оператордун аракеттеги тарифтери жана топтомдору жөнүндө керектүү жана ишенимдүү маалыматты, Оператордун бардык кызматтарынын сүрөттөлүштөрүн жана башка маалыматтарды берүүгө; Келишимде каралган шарттарда жана тартипте Абонентке Келишимдин аракет мөөнөтү аяктаганга чейин колдонуу үчүн Абоненттик номер (номерлерди) берүүгө.

3.1.2. Техникалык мүмкүнчүлүк бар болгон шартта Оператордун жоопкерчилик чөйрөсүнө кирген кызмат көрсөтүүлөрдөгү мүчүлүштүктөрдү жоюуга (алардын келип чыккан / белгилүү болгон учурунан тарта 3 күндөн ашпаган убакыттын ичинде).

**3.2. Оператор укуктуу:**

3.2.1. Келишимдин, тарифтик пландардын, топтомдордун, кошумча кызматтардын жана тарифтик опциялардын шарттарына кошумчалоо киргизүүгө/өзгөртүүгө, аларга кошулууну жабууга же аларды жоюуга, акы төлөнүүчү кызматтарды же жеңилдетилген шарттарда көрсөтүлүүчү кызматтарды (акциялар/арзандатуулар) көрсөтүүдөн бир тараптуу баш тартууга укуктуу жана бул тууралуу жалпыга маалымдоо каражаттары аркылуу же Оператордун Интернет сайтына жайгаштыруу, же болбосо SMS-билдирүү жөнөтүү аркылуу тиешелүү өзгөртүүлөр колдонууга киргизилгенге чейинки 10 календардык күн аралыгында Абонентке маалымдалууга тийиш. Эгерде өзгөртүүлөр күчүнө киргенден кийин Абонент Оператор көрсөткөн кызматтарды пайдаланууну уланта берсе, өзгөртүүлөр Абонент тарабынан кабыл алынган болуп саналат;

3.2.2. Абонент тарабынан колдонулуп жаткан тарифтик планга, топтомго жана башка кошумча сервистерге/ кызматтарга ылайык Абонент өчүү чегине жеткен айрым учурларда техникалык же башка себептер боюнча Абонентке кызматтарды көрсөтүүнү улантууга;
Интернет-тиркемелердин чалууларды, билдирүүлөрдү багыттоону (маршрутизация) бузган учурлары Оператор тарабынан аныкталса, Оператордун байланыш тармактарындамындай интернет-тиркемелердин иштөөсүнө (интернет-тиркемелерди колдонуу мүмкүнчүлүгүнө) бөгөт коюуга; КР мыйзамдарында каралган учурларда кызмат көрсөтүүлөрдү токтотууга жана /же чектөөгө; кызматтар тизмегине өзгөртүүлөрдү киргизүү, маалымат алуу же даттануу максатындагы Абоненттин Операторго кайрылууларын каттоого алууга; цензуралык эмес лексиканы же адистердин дарегине одоно сөздөрдү колдонгон учурда же Абонент маалымат алуу укугун кыянаттык менен пайдаланганда же маалымат алуу кызматын башка максаттарда колдонгон учурда,
Абонентин Оператордун маалымат-билүү кызматына чалуусун чектөөгө.

3.2.3. Оператор КР мыйзамдарында белгиленген учурларда жооптуу болот. Оператордун жоопкерчилиги Оператордун күнөөсү аныкталган учурда пайда болот жана тарифтик пландын/топтомдун/тарифтик опциянын же кошумча кызматтын кызматтын алкагында иш жүзүндө кызмат көрсөтүлбөгөн убакытка пропорционалдуу эсептелген Абоненттик төлөмдүн же башка милдеттүү мезгилдүү төлөмдүн бир бөлүгүнө барабар болгон суммадан ашпоосу тийиш. Абонентке кызмат көрсөтүлбөй калган факты кагаз жүзүндө тастыкталган болушу керек.

3.2.4. Оператор төмөндөгүлөр үчүн жооптуу эмес: 1) Оператордун түйүнү аркылуу аткарылган телефон сүйлөшүүлөрдүн жана билдирүүлөрдүн мазмуну үчүн, ошондой эле ушул билдирүүлөр аркылуу келтирилген зыяндар үчүн; 2) Оператордун тармагы аркылуу үчүнчү жактар көрсөткөн кызматтар жана/же алардын төлөмдөрү үчүн, жана да Операторго көзкарандысыз себептер жана кырдаалдарга байланыштуу байланыш кызматтарынын үзгүлтүккө учурашы үчүн; 3) Абонент тарабынан белгиленген талаптарга жооп бербеген бузулган терминалдык жабдууну же өндүрүүчүнүн жана Оператордун макулдугусуз өзгөртүлгөн же модификацияланган терминалдык жабдууну же программалык камсыздоону пайдалануудан келип чыккан байланыш кызматтарындагы кемчиликтер үчүн же алардын орнотуулары Оператор сунуш кылган орнотууларга (унаа сигнализациясы, башка акылдуу шаймандар, датчиктер ж.б.) дал келбегендиги үчүн Оператор жооптуу эмес.

**4. Тарифтер жана төлөм жүргүзүүлөр**

4.1. Абонентке көрсөтүлүүчү кызматтардын бардык түрлөрүнүн тарифтери, мыйзам талаптарын эске алуу менен, Оператор тарабынан өз алдынча аныкталат жана тарифтик пландарда, топтомдордо, кошумча кызматтарда жана тарифтик опцияларда чагылдырылат. Тарифтик пландардын тизмеги жана кошумча кызматтардын топтому Оператордун http://www.mega24.kg расмий сайтында жайгаштырылат. Тарифтик пландардын, топтомдордун, кошумча кызматтардын жана башка байланыш кызматтарынын аракет мөөнөттөрү Оператор тарабынан өз алдынча аныкталат.

4.2. Оператор көрсөткөн кызматтары үчүн Абонент менен эсептешүү жүргүзөт, үчүнчү жакка Абонент менен Оператордун атынан эсептешүүнү тапшыруу укугуна ээ. Оператор Абонент тарабынан тандалып алынган тарифтик пландын/кызматтардын тизмегинде каралган төлөмдөр жана SIM-картаны/eSIMди кошуу үчүн төлөм Оператордун эсебине келип түшкөндөн кийин кызмат көрсөтө баштайт.

4.3. Абоненттин балансында карыз бар болгон учурда аванстык төлөмдөр биринчиден Абоненттин жеке эсебиндеги карыздарды жабуу үчүн пайдаланылат, карыз жабылган соң аванстык төлөмдүн калган бөлүгү оң калдык катары топтолот жана кызматтардан пайдаланууга жараша колдонулат.
Абонент тандалып алынган тарифтик план тарабынан аныкталган суммада биринчи аванстык төлөмүн жүргүзүүгө милдеттүү. Оператор абонентке оператордун эсебине же ыйгарым укуктуу жактын кассасына тийиштүү сумма келип түшкөнгө чейин, кызмат көргөзбөй коюуга укуктуу. Эгерде Абоненттин бир нече жеке эсеби бар болсо, Оператор Абонентке таандык болгон башка жеке эсептер боюнча карызын төлөө үчүн Абоненттин каражатын бир жеке эсептен которууга укуктуу.

4.4. Абонент Оператордун каптоо аймагынан тышкары жүргөн учурда тиешелүү тарифтик планда, тарифтик опцияда, топтомдо же кошумча кызматтардын шарттарында белгиленген Абоненттик төлөмдү төлөөнү улантат. Көрсөтүлгөн байланыш кызматтары үчүн биллингдик эсепти Абонентке e-mail аркылуу жөнөтүү үчүн Абонент өз терминалдык жабдуусунан атайын буйрууну терүү аркылуу тиешелүү кызматты кошуусу керек.

4.5. Келишим жокко чыгарылган учурда, Абоненттин жеке эсебинде оң баланс болгон болсо, Оператордун салыктар жана жыйымдар түрүндөгү, контрагенттер менен эсептешүүлөрү боюнча тарткан чыгымдарын кармап калуу менен, Оператор КР мыйзамдарында каралган мөөнөттө жана тартипте Абоненттке акча каражаттарын кайтарып берет. Оператордун кызматтарын пайдалангандыгы үчүн же Абоненттик номерди КР мыйзамдарын бузуу менен же кыянаттык менен пайдалануунун негизинде (анын ичинде бузуулардын белгиси болгондо) эсептелген каражаттар Оператор тарабынан кайтарылып берилбейт.

4.6. Номерде роуминг кызматы кошулган учурда, чек арага жакын болгон аймактарда Абоненттин терминалдык жабдуусу чет өлкөлүк оператордун тармагында катталып, чалуулар/ интернет роумингде болгондой тарифтелиши мүмкүн.

4.7. Ушул келишимдин шарттарына ылайык, Абонент тарабынан киргизилген бардык өзгөртүүлөр аракеттеги тарифтерге ылайык тиешелүү кызматтар үчүн Абонент төлөм жүргүзгөндөн кийинки күндөн кечиктирилбестен киргизилиши керек.

**5. КЕЛИШИМДИ БУЗУУНУН ШАРТТАРЫ ЖАНА ТАРТИБИ**

5.1. Абонент кат жүзүндө арыз менен кайрылып, Оператор менен бардык эсеп-кысабын тактоодон (эсептешкенден) кийин Келишимди аткаруудан бир тараптуу баш тарта алат.

5.2. Эгерде Келишимдин алкагында бир жеке эсеп ачылган болсо, кызматтардан пайдаланууну токтотуудан 180 календардык күн өткөнгө чейин Абоненттин жеке эсебине оң баланс суммасына чейин акча каражаты түшпөгөн учурда же Абонент 180 календардык күн ичинде акы төлөнүүчү байланыш кызматтарынан пайдаланбаган учурда же 90 календардык күндөн ашык мезгил ичинде төлөнбөгөн карыз болсо, Келишим бузулду деп эсептелет. Эгерде Келишимдин алкагында бир нече жеке эсеп ачылган болсо, бул иш-аракеттер Келишимдин ошол жеке эсеп (Абоненттик номер) бөлүгүн аткаруудан баш тартуу болуп эсептелет.

"Альфа Телеком" ЖАК, Бишкек ш., Сүйүмбаев көч. 123, тел.: 996 312 905220, 996555500000 e-mail: pr@megacom.kg, Эсеп-кысап/э 1091820182530113
Банк "Оптима Банк"ААКтын Бишкек шаардык борбордук филиалы Бишкек ш.
БИК 109018 ОКПО 26611735 ИСН 00406200910056 РСИ 999 ККК боюнча ИСТКБ
Башкы директор Э.Т. Субакожоев КР МБАнын лицензиялары: №14-1133-КР, №18-0326-КР, №18-0303-КР, №15-1446-КР, №16-0090-КР, №18-0261-КР

Жеке эсептин №__________________

**Байланыш кызматтарын көрсөтүү келишими**

20__-жылдын " __ " _______________
Калктуу аймак _________________________

**«Альфа Телеком» ЖАК**, мындан ары **«Оператор» деп аталуучу**, 20__ -жылдын "__"________ №_______ ишеним катынын негизинде иш алып барган ыйгарым укуктуу өкүлү____________________________ аркылуу бир тараптан жана

**Фамилиясы Ысымы Атасынын аты**

**Тарифтик план**

| **Аб. номери (MSISDN)** | **SIM-картанын /eSIM ICC** |
|---|---|
| 996 | 899960595 |
| 996 | 899960595 |
| 996 | 899960595 |
| 996 | 899960595 |
| 996 | 899960595 |

| **Өздүгүн тастыктаган документ** | **Серия, №** | **Берилген күнү** | **Ким тарабынан берилген** |
|---|---|---|---|
| | | | |

| **Туулган күнү, айы, жылы** | **Жашырын сөз (символдордун саны 10дон ашпоосу керек)** | **Эсептешүү формасы** |
|---|---|---|
| | | **Алдын ала төлөм** |

мындан ары «Абонент» деп аталуучу, экинчи тараптан, ушул Байланыш кызматын көрсөтүү келишимин түзүштү. Ушул Келишим тараптар тарабынан ага кол коюлгандан тарта күчүнө кирет жана аныкталбаган мөөнөткө түзүлдү, эгерде Абонент аракет мөөнөтүн белгилөөнү каалаcalled, Оператордун каалаган Сатуу жана тейлөө борборуна кайрылуусу зарыл. Келишим эки түпнускада түзүлдү жана ар бир тарап үчүн бирден нускада берилет. Ушул Келишимге кол коюу менен, Абонент Келишимдин (мындан ары – Келишим) нускасын жана анын ажырагыс бөлүгү болуп эсептелген №1 тиркемени – Байланыш кызматтарын көрсөтүүнүн шарттарын алгандыгын, шарттарды окуп чыккандыгын жана аларды Оператор менен Абоненттин ортосундагы укуктук мамилелерди жөнгө салуу үчүн милдеттүү шарттар катары эсептөөгө макул экендигин тастыктайт. Абонентке ыңгайлуу болуусу үчүн, Келишим жана анын №1 тиркемеси www.mega24.kg сайтында жайгаштырылган. Башка байланыш операторлору тарабынан көрсөтүлө турган байланыш кызматтарына жетки берүүгө, мындай кызматтарды көрсөтүү үчүн менин жеке маалыматтарымды берүүгө – макулмун, эгер башкасы көрсөтүлбөсө, ☐ макул эмесмин. Келишимде көрсөтүлгөн тартипте жеке маалыматтарды иштетүүгө, сактоого жана берүүгө, анын ичинде маалыматтык-сурап билүү кызматы үчүн колдонууга – макулмун, эгер башкасы көрсөтүлбөсө, ☐ макул эмесмин. Жеке маалыматтарды берүү туурасындагы билдирүүнүн формасын аныктоо укугун Операторго калтырам. Абонент, ушул Келишимге кол коюп жатып, Келишимдин электрондук версиясы Келишимдин кагаз жүзүндөгү туп нускасы менен бирдей экендигине макулдугун билдирет. Ушул Келишимге кол коюу менен, Абонент төмөндөгүлөрдү: 1) Оператордон SIM-картаны/eSIMди, байланыш кызматтарын колдонуу боюнча зарыл болгон нускамаларды жана коддорду алгандыгын, жана да Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан бекитилген Көчмө радиотелефон байланыш кызматтарын көрсөтүү эрежелери, Абонент тарабынан тандалып алынган тарифтик пландын жана кошумча кызматтардын тарифтери жана шарттары, Оператордун тейлөө аймагы менен таанышып чыккандыгын; 2) Оператор же анын агенти (Оператордун тапшырмасы боюнча иш-аракет жүргүзгөн), топтолуучу маалыматтардын тизмеги, аларды топтоонун максаты, маалымат топтоонун жана Оператордун маалыматтарды ушул Келишимдин шарттарын аткаруу максатында колдонуусунун негиздемеси, эсептешүү, Абонент тарабынан колдонулуучу кызматтарды оптимизациялоо, кызматтарды таргеттоо жүргүзүү жана башка учурларда, жана да КРдин мыйзамдарында белгиленген учурларда жеке маалыматтарды ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдарга берүү мүмкүнчүлүгүн; 3) байланыш кызматтарынын тизмеги, алардын сапаты Оператордун жоопкерчилик аймагынан тышкары болгон терминалдык жабдуунун шаар аралык/ эл аралык байланыштын, катталган телефон линияларынын жабдууларынын техникалык мүмкүнчүлүктөрүнө жараша боло тургандыгы тууралуу маалымат алгандыгын жана аны менен макул экендигин тастыктайт.

**Абонент:** ______________________ **Оператор:** ___________________________

**Байланыш кызматтарын көрсөтүү келишимине №1 тиркеме**

**1.1. Терминдер жана аныктамалар**: Тарифтик план – Оператор бир же бир нече уюлдук байланыш кызматын пайдаланууну сунуш кылган баа шарттарынын жыйындысы. Топтом – бул байланыш операторунун белгилүү бир убакыттын ичинде белгиленген көлөмдө, өзүнчө Абоненттик акы үчүн жана белгилүү бир шарттарда көрсөтүүчү байланыш кызматтарынын жыйындысы; Тарифтик опциялар– Абоненттин тарифтик планына карата милдеттүү болбогон, тарифтин белгиленген чоңдугун белгилеген, кошулуунун өзүнчө наркына жана Абоненттик акыга ээ болгон, көлөмдү чектөөсүз же белгиленген кызмат көрсөтүүлөрдүн алкагында пайдаланылган кызмат көрсөтүүлөр; Абонент– Оператор аны менен келишим түзгөн юридикалык же жеке жак;

Эсептөөлөрдүн автоматташтырылган системасы – Абонентке көрсөтүлгөн кызматтардын көлөмүн жана аларды тарифтөөнү, ошондой эле байланыш кызматтары үчүн жүргүзүлгөн төлөмдөрдү эсепке алуу операцияларын автоматтык түрдө аткарууга арналган биллинг тутумун өз ичине камтыган программалык-аппараттык комплекс; Абоненттин жашырын сөзү – Кардарларды колдоо кызматына кайрылууда Абонентти идентификациялоо үчүн Келишим түзүү учурунда Абонент көрсөтүүчү символдордун (тамга, сандардын) ирети; Байланыш кызматтары – Операторго берилген лицензиялардын талаптарына шайкеш маалымат өткөрүү түйүнүндө Абонентке көрсөтүлүүчү көчмө радиотелефон байланыш кызматтары, телематикалык кызматтар жана башка кызматтар; Кошумча кызматтар – байланыш кызматтары менен технологиялык жактан ажырагыс байланышта болгон жана алардын керектөө баалуулугун жогорулатууга багытталган акы төлөнүүчү кошумча кызматтар жана башка кызматтар. Оператор же тиешелүү кызматтарды көрсөтүүгө укугу бар үчүнчү жактар тарабынан көрсөтүлөт жана Абонент тарабынан алардын баа шарттарында жана Келишимде каралган тартипте төлөнөт; Жеке маалыматтар – Абонент тууралуу төмөндөгүлөрдү камтыган маалымат: фамилиясы; аты-жөнү; туулган датасы, жашаган жеринин жана электрондук почтасынын даректери, жарандыкты тастыктаган документ тууралуу маалыматтар; байланыш кызматтары үчүн оператор менен жүргүзүлгөн эсептешүүлөр жөнүндө маалыматтар.

1.2. Оператор тарабынан көрсөтүлүүчү байланыш кызматтарын көрсөтүүнүн шарттары, наркы жана тизмеги Оператор тарабынан тарифтик планда, топтомдо, Кошумча кызматтардын жана тарифтик опциялардын жана Оператордун аракеттеги сунуштарына ылайык Абонент колдонуп жаткан/колдонууга макулдук берген башка кызматтардын шарттарына ылайык аныкталат. Оператор тарабынан Абонентке көрсөтүлүүчү кошумча кызматтардын тизмеги үчүнчү жактар менен түзүлгөн келишимдик макулдашуулар, түйүндүн техникалык мүмкүнчүлүктөрү жана лицензиялардын негизинде аныкталат. Байланыш кызматтары жана акы төлөнүүчү кошумча кызматтар Абонентке Келишимдин негизинде жана анын шарттарына ылайык көрсөтүлөт. Абонентке көрсөтүлүп жаткан кызматтардын тизмеги Оператордун http://www.mega24.kg сайтында жайгаштырылган (Келишимде каралган) шарттарда жана тартипте Оператордун аракеттеги сунуштарына ылайык Абонент тарабынан кошумча тапшырык кылынган башка кызматтарды эске алуу менен Абонент тарабынан тандалган тарифтик план менен аныкталат. Ар бир кызматка тиешелүү шарттар жана тартиптер жөнүндө Оператордун http://www.mega24.kg сайтында жайгаштырылган маалыматтарга ылайык, жана да белгиленген үлгүнүн бланкында жазуу жүзүндө Оператордун дарегине тиешелүү өтүнүч жолу менен кайрылып Абонент кызматтардын белгилүү бир түрүнөн баш тарта алат.

1.3. Байланыш борборуна кайрылууда Оператор тарабынан белгиленген шарттарга ылайык, Оператор тарабынан каралган учурларда жана шарттарда колдонулуучу жашырын сөз жана/же инсандыгын тастыктоочу документтин маалыматтары, жана/же ЖИН (ИСН), жана/же SIM- картанын/eSIMдин номери (ICC), PIN-2, Абоненттик номер Абоненттин идентификатору болуп саналат. Келишимдин алкагында ар бир Абоненттик номерге өзүнчө жеке эсеп берилет.

1.4. Ушуну менен Абонент Оператор тарабынан өз алдынча аныктала турган Оператордун акысыз кошумча кызматтарынын тизмегин алууга макулдук берет (Оператор менен түзүлгөн келишимдик макулдашуулардын негизинде үчүнчү жактар тарабынан түйүндө жайылтылуучу жарнамалык маалыматты кошуу менен, бирок чектебестен). Абонент аталган кызматтардан Операторго белгиленген форма боюнча жазуу жүзүндө арыз берүү КР мыйзамдарында мамлекеттик органдардын билдирүүлөрүнөн тышкары (чукул кырдаалдар, шашылыш жагдайлар ж.б.), Келишимде каралган шарттарда жана тартипте өз каалоосу менен жарнамалык билдирүүлөрдү алууну өз алдынча өчүрүү жолу менен баш тарта алат. Оператор жана анын кызматтары жана өнүмдөрү жөнүндө маалымат жарнамага кирбейт, Абонент Оператор тарабынан белгиленген тартипте жана формада мындай маалыматты алуудан баш тартууга укуктуу. Абоненттин тарифтик планда, топтомдо каралган жана /же белгиленген номерди терүү же Оператор тарабынан белгиленген башка жол аркылуу кошулган кызматтарды пайдалануусу, Абоненттин тарифтерди, топтомдорду, опцияларды жана кызматтарды көрсөтүүнүн шарттарына, аларды колдонууга жана аталган кызматтар үчүн төлөм жүргүзүүгө макул экендигин билдирет.

**2.1. Абонент милдеттүү:**

2.1.1. Бөлүнүп берилген Абоненттик номерди Келишим боюнча байланыш кызматтарынан пайдалануу үчүн колдонууга жана КР мыйзамдарынын талаптарын бузуу менен колдонбоого; Байланышта мүмкүн болуучу тоскоолдуктар (метеорологиялык шарттар, туннель, байланыш каналдарын жүктөө, жергиликтүү аймактын рельефинин өзгөчөлүктөрү, Оператордун компетенциясына кирбеген жагдайлар) келип чыккан учурдагы чектөөлөргө ылайык, жана да нускама эрежелери жана колдонуудагы өзгөчө шарттар эске алынган, тастыктоодон өткөрүлгөн терминалдык жабдууну гана колдонууга. SIM-картаны/eSIMди укуксуз же кылмыштуу жол менен пайдалануунун алдын-алуу боюнча бардык чараларды көрүүгө жана SIM-картадагы/eSIMдеги идентификациялык техникалык маалыматтарды көчүрүп алуу аракеттерин көрбөөгө жана колдонууда жок төлөм карталарын активдештирбөөгө;

2.1.2. Оператор менен болгон техникалык жана башка өз ара катнаштар үчүн пайдаланылуучу жашырын сөз, жеке эсептин (-тердин) номери жана башка маалымдаректерди үчүнчү жактарга бербөөгө, терминалдык жабдууга тиешелүү программалык камсыздоону жана вируска каршы программаларды орнотуу менен өз мобилдик жабдуусун вирустардан жана программалык камсыздоону жана операциялык системаны иштен чыгаруучу программалардан (мындан ары-вирус) коргоо чараларын көрүүгө. Оператордун расмий сайтында жайгаштырылган Оператордун кызматтары менен колдонуу эрежелерин сактоо жана ушул документке киргизилүүчү бардык өзгөртүүлөрдү жана/же кошумчалоолорду кабыл алууга;

2.1.3. . Абоненттик номерди, SIM -картаны (анын ичинде eSIMди) же SIM-картаны талап кылбаган Абоненттик терминалды башка адамга берүүдө, бул аныкталгандан кийин Абоненттин Сатуу жана тейлөө борборуна келүүсү же Оператор тарабынан белгиленген башка ыкма менен 10 (он) календардык күндүн ичинде Абонент абоненттик номерди үчүнчү жакка кайра

каттатууга милдеттүү. Абонент Келишим түзүү учурунда Операторгоберген маалыматтар өзгөргөн учурда, Абонент өзгөрүүлөр күчүнө киргенден кийин 10(он) календардык күндүн ичинде Операторго жазуу жүзүндө билдирүүгө милдеттенет.
2.1.4. Келишимдин шарттарын талапка ылайык аткарбагандыгы үчүн, Абоненттин терминалдык жабдуусунан жана SIM-картасынан/eSIMден, ошондой эле Интернет кызматтары аркылуу аралыктагы жеткинин жардамы менен жөнөтүлгөн Оператордун жана үчүнчү жактардын даректерине келген бардык кайрылуулар үчүн, мындан тышкары Абоненттин мобилдик жабдуусунан вирустун таасири менен аткарылган үн чалуулары жана жөнөтүлгөн билдирүүлөр үчүн жоопту.
2.1.5. Оператордун жазуу жүзүндөгү макулдугусуз байланыш кызматтарын түрдүү утуш оюндарын, добуш берүү, конкурстарды, викториналарды, жарнамаларды, сурамжылоолорду өткөрүү үгүттөө мүнөзүндөгү билдирүүлөрдү жөнөтүү байланыш тармагына жана интернет-телефонияга жетки алуу үчүн шлюздарды, программалык камсыздоолорду орнотуу сыяктуу, жана да чалуулардын багытын же телефондук туташуулардын эрежесин өзгөртүүгө багытталган жана байланыш түзмөктөрүнө жана жабдууларына зыян келтире турган, Келишимде каралбаган иш-аракеттерди ишке ашыруу үчүн колдонбоого. Эгерде Оператор Абонент тарабынан бул талаптарды бузуу фактыларын аныктаса, бузуулар четтетилгенге чейин, тыюу салынган аракетте аткарылган номерди токтоосуз бөгөттөөгө укуктуу.

**2.2. Абонент укуктуу:**

2.2.1. Келишим түзүүдө, жана да Келишимди аткарууда Оператордун расмий сайтында Оператордун каалаган Сатуу жана тейлөө борборунда же Mega24 мобилдик тиркемесинде тарифтик пландардын, топтомдордун жана кызматтардын тизмеги менен таанышууга.
2.2.2. Кошулган байланыш кызматтарынын тизмесин жана көлөмүн (анын ичинде тарифтик пландын, топтомдун, тарифтик опциялардын, кошумча кызматтардын) Оператор белгилеген тартипте өзгөртүүгө же Абоненттин терминалдык жабдуусунда тиешелүү буйруктарды терүү менен кошумча кызматтарды/тарифтик пландын/топтомдун өзгөртүүлөрүн активдештирүүгө;
2.2.3. КР мыйзамдарында көрсөтүлгөн учурларда жана мөөнөттөрдө Операторго доо талаптарын коюуга.
Байланыштын сапатына байланыштуу келип чыккан доо талаптар Абонент тарабынан ошол замат билдирилүүсү керек. Доо талаптар тиешелүү доо талап келип түшкөндөн кийин 30 календардык күнгө чейинки мөөнөттүн ичинде каралат.
2.2.4. Келишимдин алкагында бир же бир нече абоненттик номерди колдонууга.
2.2.5. Сатуу жана тейлөө борборуна баруу менен, же болбосо Оператор тарабынан белгиленген башка жол менен кошумча абоненттик номерлерди алууга, абоненттик номерин башка бош номерге алмаштырууга.
2.2.6. Акы төлөнүүчү категориядагы абоненттик номерди Оператор тарабынан белгиленген тартипте жана шарттарда сатып алууга.

**2.3. Абоненттин макулдугу:**

2.3.1. Абонент, Келишим түзүү менен, аң сезимдүү түрдө, өз эрки менен төмөндөгүлөргө макулдук берет: а) Оператордун байланыш, маалыматтык жана башка кошумча кызматтарды көрсөтүүсү, көрсөтүлгөн кызматтар үчүн эсептешүүлөрдү жүргүзүүсү, Абоненттин мүдөөлөрүн / кызыкчылыктарын прогноздоосу жана аныктоосу, Абонентке жеке сунуштарды, арзандатууларды, акцияларды, маалыматтык билдирүүлөрдү берүүсү, Оператордун жана үчүнчү жактардын маркетингдик кызматтарын көрсөтүүсү жана бул максаттарга жетүү үчүн Оператор тарабынан белгиленген жолдор менен жеке маалыматтарга байланыштуу каалаган иш-аракеттерди аткаруусу үчүн, Келишимдин аракет мөөнөтүнүн ичинде Операторго белгилүү болгон жана жеткиликтүү болгон жеке маалыматтарын Оператордун топтоосуна, иштеп чыгуусуна, систематизациялоосуна, сактоосуна, жаңылоосуна, өзгөртүүсүнө жана колдонуусуна; б) Оператордун/үчүнчү жактардын Келишимди оперативдүү аткаруусу жана жеке маалыматтардыээсиздендирүү , бөгөттөө, жок кылуу, үчүнчү жактар тарабынан көрсөтүлүүчү байланыш кызматтарына (анын ичинде контент кызматтары, роуминг кызматтары) жетки берүүгө MegaPay функционалын/кызматын көрсөтүүсү үчүн, КРдин мыйзамдарына каршы келбеген учурда карызды жоюу маселелерин чечүүгө байланыштуу, карызкор Абоненттин милдеттерин аткаруусу, Абоненттин MegaPay сервисин колдонуусу жөнүндө маалыматты чогултуу, иштеп чыгуу, сактоо жана берүү үчүн үчүнчү жактарга/ үчүнчү жактар тарабынан электрондук байланыш каналдары аркылуу (интернет) автоматташтырылган каражаттарды колдонуу менен/колдонбостон, Абонент тууралуу маалымат берүүгө (анын ичинде трансчегарлык); в) жеке маалыматтарды берүүгө (анын ичинде КР мыйзамдарына ылайык, үчүнчү жактарга).
Абонент ушул бөлүмдө каралган каалаган макулдуктун аракет мөөнөтү Келишим түзүлгөн датадан баштала тургандыгы жана аяктагандан кийин 3 жыл ичинде аракетте боло тургандыгы менен тааныш. Абонент Оператордун каалаган Сатуу жана тейлөө борборуна жазуу жүзүндөгү арыз менен кайрылып, каалаган макулдугун кайтарып алууга укуктуу.

**3.1. Оператор милдеттүү:**

3.1.1. Абонентке Келишим түзүүдө жана аткарууда зарыл болгон байланыш кызматтарын көрсөтүү эрежелери, Оператордун аракеттеги тарифтери жана топтомдору жөнүндө керектүү жана ишенимдүү маалыматты, Оператордун бардык кызматтарынын сүрөттөлүштөрүн жана башка маалыматтарды берүүгө; Келишимде каралган шарттарда жана тартипте Абонентке Келишимдин аракет мөөнөтү аяктаганга чейин колдонуу үчүн Абоненттик номер (номерлерди) берүүгө.
3.1.2. Техникалык мүмкүнчүлүк бар болгон шартта Оператордун жоопкерчилик чөйрөсүнө кирген кызмат көрсөтүүлөрдөгү мүчүлүштүктөрдү жоюуга (алардын келип чыккан / белгилүү болгон учурунан тарта 3 күндөн ашпаган убакыттын ичинде).

**3.2. Оператор укуктуу:**

3.2.1. Келишимдин, тарифтик пландардын, топтомдордун, кошумча кызматтардын жана тарифтик опциялардын шарттарына кошумчалоо киргизүүгө/өзгөртүүгө, аларга кошулууну жабууга же аларды жоюуга, акы төлөнүүчү кызматтарды же жеңилдетилген шарттарда көрсөтүлүүчү кызматтарды (акциялар/арзандатуулар) көрсөтүүдөн бир тараптуу баш тартууга укуктуу жана бул тууралуу жалпыга маалымдоо каражаттары аркылуу же Оператордун Интернет сайтына жайгаштыруу, же болбосо SMS-билдирүү жөнөтүү аркылуу тиешелүү өзгөртүүлөр колдонууга киргизилгенге чейинки 10 календардык күн аралыгында Абонентке маалымдалууга тийиш. Эгерде өзгөртүүлөр күчүнө киргенден кийин Абонент Оператор көрсөткөн кызматтарды пайдаланууну уланта берсе, өзгөртүүлөр Абонент тарабынан кабыл алынган болуп саналат;
3.2.2. Абонент тарабынан колдонулуп жаткан тарифтик планга, топтомго жана башка кошумча сервистерге/ кызматтарга ылайык Абонент өчүү чегине жеткен айрым учурларда техникалык же башка себептер боюнча Абонентке кызматтарды көрсөтүүнү улантууга; Интернет-тиркемелердин чалууларды, билдирүүлөрдү багыттоону (маршрутизация) бузган учурлары Оператор тарабынан аныкталса, Оператордун байланыш тармактарындамындай интернет- тиркемелердин иштөөсүнө

(интернет-тиркемелерди колдонуу мүмкүнчүлүгүнө) бөгөт коюуга; КР мыйзамдарында каралган учурларда кызмат көрсөтүүлөрдү токтотууга жана /же чектөөгө; кызматтар тизмегине өзгөртүүлөрдү киргизүү, маалымат алуу же даттануу максатындагы Абоненттин Операторго кайрылууларын каттоого алууга; цензуралык эмес лексиканы же адистердин дарегине одоно сөздөрдү колдонгон учурда же Абонент маалымат алуу укугун кыянаттык менен пайдаланганда же маалымат алуу кызматын башка максаттарда колдонгон учурда, Абонентин Оператордун маалымат-билүү кызматына чалуусун чектөөгө.
3.2.3. Оператор КР мыйзамдарында белгиленген учурларда жооптуу болот. Оператордун жоопкерчилиги Оператордун күнөөсү аныкталган учурда пайда болот жана тарифтик пландын/топтомдун/тарифтик опциянын же кошумча кызматтын кызматтын алкагында иш жүзүндө кызмат көрсөтүлбөгөн убакытка пропорционалдуу эсептелген Абоненттик төлөмдүн же башка милдеттүү мезгилдүү төлөмдүн бир бөлүгүнө барабар болгон суммадан ашпоосу тийиш. Абонентке кызмат көрсөтүлбөй калган факты кагаз жүзүндө тастыкталган болушу керек.
3.2.4. Оператор төмөндөгүлөр үчүн жооптуу эмес: 1) Оператордун түйүнү аркылуу аткарылган телефон сүйлөшүүлөрдүн жана билдирүүлөрдүн мазмуну үчүн, ошондой эле ушул билдирүүлөр аркылуу келтирилген зыяндар үчүн; 2) Оператордун тармагы аркылуу үчүнчү жактар көрсөткөн кызматтар жана/же алардын төлөмдөрү үчүн, жана да Операторго көзкарандысыз себептер жана кырдаалдарга байланыштуу байланыш кызматтарынын үзгүлтүккө учурашы үчүн; 3) Абонент тарабынан белгиленген талаптарга жооп бербеген бузулган терминалдык жабдууну же өндүрүүчүнүн жана Оператордун макулдугусуз өзгөртүлгөн же модификацияланган терминалдык жабдууну же программалык камсыздоону пайдалануудан келип чыккан байланыш кызматтарындагы кемчиликтер үчүн же алардын орнотуулары Оператор сунуш кылган орнотууларга (унаа сигнализациясы, башка акылдуу шаймандар, датчиктер ж.б.) дал келбегендиги үчүн Оператор жооптуу эмес.

**4. Тарифтер жана төлөм жүргүзүүлөр**

4.1. Абонентке көрсөтүлүүчү кызматтардын бардык түрлөрүнүн тарифтери, мыйзам талаптарын эске алуу менен, Оператор тарабынан өз алдынча аныкталат жана тарифтик пландарда, топтомдордо, кошумча кызматтарда жана тарифтик опцияларда чагылдырылат. Тарифтик пландардын тизмеги жана кошумча кызматтардын топтому Оператордун http://www.mega24.kg расмий сайтында жайгаштырылат. Тарифтик пландардын, топтомдордун, кошумча кызматтардын жана башка байланыш кызматтарынын аракет мөөнөттөрү Оператор тарабынан өз алдынча аныкталат.
4.2. Оператор көрсөткөн кызматтары үчүн Абонент менен эсептешүү жүргүзөт, үчүнчү жакка Абонент менен Оператордун атынан эсептешүүнү тапшыруу укугуна ээ. Оператор Абонент тарабынан тандалып алынган тарифтик пландын/кызматтардын тизмегинде каралган төлөмдөр жана SIM-картаны/eSIMди кошуу үчүн төлөм Оператордун эсебине келип түшкөндөн кийин кызмат көрсөтө баштайт.
4.3. Абоненттин балансында карыз бар болгон учурда аванстык төлөмдөр биринчиден Абоненттин жеке эсебиндеги карыздарды жабуу үчүн пайдаланылат, карыз жабылган соң аванстык төлөмдүн калган бөлүгү оң калдык катары топтолот жана кызматтардан пайдаланууга жараша колдонулат.
Абонент тандалып алынган тарифтик план тарабынан аныкталган суммада биринчи аванстык төлөмүн жүргүзүүгө милдеттүү. Оператор абонентке оператордун эсебине же ыйгарым укуктуу жактын кассасына тийиштүү сумма келип түшкөнгө чейин, кызмат көргөзбөй коюуга укуктуу. Эгерде Абоненттин бир нече жеке эсеби бар болсо, Оператор Абонентке таандык болгон башка жеке эсептер боюнча карызын төлөө үчүн Абоненттин каражатын бир жеке эсептен которууга укуктуу.
4.4. Абонент Оператордун каптоо аймагынан тышкары жүргөн учурда тиешелүү тарифтик планда, тарифтик опцияда, топтомдо же кошумча кызматтардын шарттарында белгиленген Абоненттик төлөмдү төлөөнү улантат. Көрсөтүлгөн байланыш кызматтары үчүн биллингдик эсепти Абонентке e-mail аркылуу жөнөтүү үчүн Абонент өз терминалдык жабдуусунан атайын буйрууну терүү аркылуу тиешелүү кызматты кошуусу керек.
4.5. Келишим жокко чыгарылган учурда, Абоненттин жеке эсебинде оң баланс болгон болсо, Оператордун салыктар жана жыйымдар түрүндөгү, контрагенттер менен эсептешүүлөрү боюнча тарткан чыгымдарын кармап калуу менен, Оператор КР мыйзамдарында каралган мөөнөттө жана тартипте Абоненттке акча каражаттарын кайтарып берет. Оператордун кызматтарын пайдалангандыгы үчүн же Абоненттик номерди КР мыйзамдарын бузуу менен же кыянаттык менен пайдалануунун негизинде (анын ичинде бузуулардын белгиси болгондо) эсептелген каражаттар Оператор тарабынан кайтарылып берилбейт.
4.6. Номерде роуминг кызматы кошулган учурда, чек арага жакын болгон аймактарда Абоненттин терминалдык жабдуусу чет өлкөлүк оператордун тармагында катталып, чалуулар/ интернет роумингде болгондой тарифтелиши мүмкүн.
4.7. Ушул келишимдин шарттарына ылайык, Абонент тарабынан киргизилген бардык өзгөртүүлөр аракеттеги тарифтерге ылайык тиешелүү кызматтар үчүн Абонент төлөм жүргүзгөндөн кийинки күндөн кечиктирилбестен киргизилиши керек.

**5. КЕЛИШИМДИ БУЗУУНУН ШАРТТАРЫ ЖАНА ТАРТИБИ**

5.1. Абонент кат жүзүндө арыз менен кайрылып, Оператор менен бардык эсеп-кысабын тактоодон (эсептешкенден) кийин Келишимди аткаруудан бир тараптуу баш тарта алат.
5.2. Эгерде Келишимдин алкагында бир жеке эсеп ачылган болсо, кызматтардан пайдаланууну токтотуудан 180 календардык күн өткөнгө чейин Абоненттин жеке эсебине оң баланс суммасына чейин акча каражаты түшпөгөн учурда же Абонент 180 календардык күн ичинде акы төлөнүүчү байланыш кызматтарынан пайдаланбаган учурда же 90 календардык күндөн ашык мезгил ичинде төлөнбөгөн карыз болсо, Келишим бузулду деп эсептелет. Эгерде Келишимдин алкагында бир нече жеке эсеп ачылган болсо, бул иш-аракеттер Келишимдин ошол жеке эсеп (Абоненттик номер) бөлүгүн аткаруудан баш тартуу болуп эсептелет.